ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№09/24 протоколу

2025-ж. 28-май Жалал-Абад ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 7
Катышкандар: 7
Катышпагандар: 0

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталаардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ф-м.и.к., доцент М.Р. Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Тиешелүү материалдар
1	2025-2026-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын курамын, жобосун, кабыл алуу планын бекитүү. Үгүт иштерине карата даярдыктар жөнүндө	Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы	Билдирүү, тиешелүү материалдар
2	ЖАЭМУнун окуу-усулдук жана сапат кеңештеринин аткарган иштери жөнүндө.	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору
3	Миссиянын, стратегиялык, жылдык пландардын аткарылышы, жыйынтыктардын анализи жана тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү	Ректор	Баяндама, токтом долбоору
4	Ар түрдүү маселелер		
4.1	ЖАЭУда өткөрүлүүчү илимий конференцияга карата даярдыктар жөнүндө	Илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор	Билдирүү
4.2	ЖАЭУнун ардактуу профессору наамын ыйгаруу жөнүндө	Ректор	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча 2025-2026 окуу жылына студенттерди кабыл алуунун жооптуу катчысы окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы, урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! 2025-2026-окуу жылы үчүн кабыл комиссиясын төмөнкү курамда бекитип берүүнүздөрдү суранам.

Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы: Нарбаев М.Р. – ректор;

Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы: Садырова Н.А. – окуу иштери боюнча проректор;

Техникалык катчылар:

1. Шерипбаева А.А. – методист (чет өлкөлкөлүк студенттер боюнча);
2. Чойбекова Н.М. – секретарь (АВН боюнча жооптуу);
3. Курбанова Н.А. – окутуучу (жергиликтүү студенттер боюнча).

Сунуш: Медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М.: – "Кабыл алууга тиешелүү болгон адистер баары бар, кабыл алуу комиссиясынын курамын бекитүүгө сунуштайм".

Сунуш кабыл алынды.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) 2025-2026-окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясынын төмөнкү курамы бекитилсин:

1. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы: Нарбаев М.Р. – ректор;

2. Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы: Садырова Н.А. – окуу иштери боюнча проректор;

Техникалык катчылар:

3. Шерипбаева А.А. – методист (чет өлкөлкөлүк студенттер боюнча);

4. Чойбекова Н.М. – секретарь (АВН боюнча жооптуу);

5. Курбанова Н.А. – окутуучу (жергиликтүү студенттер боюнча).

б) Кабыл алуу планы, жобосу, эрежелери бекитилсин;

в) Үгүт иштери күчөтүлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А. Садырова сүйлөдү: –

"Урматтуу кесиптештер экинчи маселе боюнча ЖАЭУнун окуу-усулдук жана сапат кеңештеринин аткарган иштери жөнүндө маселе каралат.

ЖАЭУнун окуу-усулдук жана сапат кеңешинин 2024-2025-окуу жылындагы аткарган иштери:

Окуу процессин уюштуруу

- Бардык багыттар боюнча окуу программалары бекитилди.
- Окуу программаларынын мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкештиги талдалып чыкты.
- Жаңы окуу ыкмалары жана технологиялары бекитилди жана окуу процессине колдонулду

Окуу ыкмалары жана технологиялары бекитилди жана окуу процессине колдонулду

Интерактивдүү окутуу

- Клиникага багытталган клиникалык -көндүмдөр, роль оюндары). Студенттерди активдүү катышууга чакырган окуу формалары (топтук талкуулар, симулятивдик борбордо окутулат.
- Воркшоп-Клиникалык көндүмдөр, лабараториялык көндумдөр.
- Гемийфикация- оюн элементтерин колдонуу
- Демонстративдик окутуу. Окуу процессинде практикалык тапшырмаларды көбүрөөк колдонуу.
- Стандартталган бейтаптар (СБ) медициналык факультеттердин студенттерин клиникага даярдоодо маанилүү роль ойнойт. Бул окутуу ыкмасы – ар түрдүү клиникалык учурларды кайра жаратып бере алган атайын даярдалган актёрлор же

симуляцияланган бейтаптар менен студенттердин өз ара аракеттенүүсүн камтыган инновациялык ыкма болуп эсептелет

- Эрте клиникалык багытталган окутуу (**ЭКБО)** – бул окутуунун ыкмасы, студенттерди клиникалык практика менен эрте этаптардан баштап активдүү тартуу каралган.
- Виртуалдык бейтап, Бейтаптар менен иштөө

Токтом долбоору

а) ЖАЭУнун окуу-усулдук жана сапат кеңештеринин аткарган иштери жөнүндө маалымат эске алынсын;

б) Жүргүзүлгөн иш чаралардын анализинин негизинде сапат кепилдик системасын күчөтүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе боюнча ректор М.Р. Нарбаев баяндама жасады. – “Урматтуу кесиптештер, Миссиянын, стратегиялык, жылдык пландардын аткарылышы, жыйынтыктардын анализи жана тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү маселесине токтолойун:

Аккредитациялык агенттиктин бизге берген сунушуна ылайык, акыркы мезгилде өткөн семинарлардын жыйынтыгы менен миссияны төмөнкү формулировкада сунуштайм: “Создавать условия для качественного образования и научных исследований, способствующих развитию лидерства, инноваций и межкультурного сотрудничества”. Бул формулировка административдик кенешмеде талкууланган жана окумуштуулар кеңешмесине сунушталган.

Ошондой эле стратегиялык планга да өзгөртүүлөр киргизилди жана административдик кеңешмеде талкууланды.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

Университеттин миссиясына жана стратегиялык планына тиешелүү өзгөртүп түзөөлөр киргизилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4. Ар түрдүү маселелер:

4.1. Илимий, техникалык, ОСК жигердүүлүгү жана ОСПЭ боюнча директор З.А. Асылова баяндама жасап, “Баарыныздарга маалым болгондой 18-июнь университеттин уюшулган күнүнө карата илимий практикалык конференция уюштуруп жатабыз. Слайтта көрүп тургандай ар бир окутуучуга аткара турган иштери боюнча милдеттери бөлүштүрүлгөн. План боюнча иш алып барып жогорку деңгээлде өткөрүшүбүз абзел. Албетте чыгымдар болот, чыгымдарды өз убагында туура бөлүштүрүлүүгө тийиш”.

Токтом долбоору:

а) Конференциянын уюштуруу иштери улантылсын;

б) Конференцияны уюштурууга жана сырттын келген коноктору тосуп алууга кеткен чыгымдар университет тарабынан каржылансын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4.2. **Ректор М.Р. Нарбаев** - ички жоболорго ылайык университеттин илимий, билим берүү, маданий, экономикалык, саясий жана башка тармактарындагы болгон өсүп өнүгүүсүнө

зор салымы үчүн “Университеттин ардактуу профессору” наамын ыйгара алабыз. Сиздерден сунуштарды күтөм.

Укуктук иштер жана адам ресурстары боюнча бөлүм башчысы Сыдыкова Б.Ж. – аталган жобого туура келген, мен сунуштаган инсан бул Борбор Азия Эл аралык медициналык университетинин президенти э.и.д., профессор Арынбаев Жаныбай Токоевич, анын университеттин түптөлүшүнө, илимдин өнүгүшүнө, кадр маселелеринин чечилишине кошкон салымы эбегейсиз чоң. Ошондуктан Ж.Т.Арынбаевдин талапкерлигин “ЖАЭУ нун ардактуу профессору” наамын ыйгарылуусун сунуштайм.

Окуу иштери боюнча проректор Садырова Н.А. – чындыгында Жаныбай Токоевичтин университетке кошкон салымы чоң, анын талапкерлигин колдойм жана сиздерди да колдоого сунуштайм.

Эл аралык байланыштар жана инвестициялар боюнча проректору Дипак Чаулагин – Индия мамлекетинин улуу инсандары тарабынан да бир жыл ичинде чоң колдоолор болду, саясий, билим берүү, илим жаатында. Алардын бири илимдин доктору, белдилуу даарыгер, окумуштуу Захир Хандын талапкерлигин “ЖАЭУ нун ардактуу профессору” наамын ыйгарылууга сунуштайм жана колдоп берүүңздөрдү суранам.

Медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М. – албетте окумуштуу Захир Хандын талапкерлигин колдойм жана колдоп берүүңүздөрдү суранам, себеби бул инсандын окуу жайыбызга студенттерди тартуудагы аларга илимий багыт берүүдөгү салымы чоң.

Ректор М.Р. Нарбаев – жогоруда аты аталган окумуштуулардын талапкерлигин добушка коем.

Борбор Азия Эл аралык медициналык университетинин президенти э.и.д., профессор Арынбаев Жаныбай Токоевичке “ЖАЭУ нун ардактуу профессору” наамы ыйгарылсын деген жолдоштор кол көтөрүңүздөр. Бир добуштан жактырылды.

Индия мамлекетинин ардактуу даарыгери, социалдык илимдин доктору Захир Ханга “ЖАЭУ нун ардактуу профессору” наамы ыйгарылсын деген жолдоштор кол көтөрүңүздөр. Бир добуштан жактырылды.

Токтом долбоору

а) Борбор Азия Эл аралык медициналык университетинин президенти э.и.д., профессор Арынбаев Жаныбай Токоевичке биринчи номер менен “ЖАЭУ нун ардактуу профессору” наамы ыйгарылсын.

б) Индия мамлекетинин ардактуу дарыгери, социалдык илимдин доктору, окумуштуу Захир Хандга “ЖАЭУ нун ардактуу профессору” наамы ыйгарылсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. а) 2025-2026-окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясынын төмөнкү курамы бекитилсин:

1) Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы: Нарбаев М.Р. – ректор;

2) Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы: Садырова Н.А. – окуу иштери боюнча проректор;

Техникалык катчылар:

3) Шерипбаева А.А. – методист (чет өлкөлкөлүк студенттер боюнча);

4) Чойбекова Н.М. – секретарь (АВН боюнча жооптуу);

5) Курбанова Н.А. – окутуучу (жергиликтүү студенттер боюнча).

б) Кабыл алуу планы, жобосу, эрежелери бекитилсин;

в) Үгүт иштери күчөтүлсүн;

2. а) Билим берүү сапатынын ички өзүн-өзү баалоо системасынын эффективдүүлүгү жана аны жогорулатуу жолдору жөнүндөгү маалымат эске алынсын;

б) Жүргүзүлгөн иш чаралардын анализинин негизинде сапат кепилдик системасын күчөтүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн;

3. Университеттин миссиясына жана стратегиялык планына тиешелүү өзгөртүп түзөөлөр киргизилсин;

4. Ар түрдүү маселелер:

4.1 а) Конференциянын уюштуруу иштери улантылсын;

б) Конференцияны уюштурууга жана сырттын келген коноктору тосуп алууга кеткен чыгымдар университет тарабынан каржылансын.

4.2. а) Борбор Азия Эл аралык медициналык университетинин президенти э.и.д., профессор Арынбаев Жаныбай Токоевичке биринчи номер менен “ЖАЭУ нун ардактуу профессору” наамы ыйгарылсын.

б) Индия мамлекетинин ардактуу дарыгери, социалдык илимдин доктору, окумуштуу Захир Хандга “ЖАЭУ нун ардактуу профессору” наамы ыйгарылсын.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.